ОшМУнун медициналык колледжинин фармацевтикалык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиясынын НКББПнын 060108 фармация адистиги боюнча 2023-2024-окуу жылындагы 05.09.2023 өткөрүлгөн №1 жыйынынын протоколу.

2023.05.09.

Жыйындын төрайымы: Н. Карабаева
Катчы: А. Зулпукарова
Катышкандардын саны: 9

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. ОшМУнун миссиясын талкуулоо.
2. Адистиктин НКББП курамын бекитүү, иш планын түзүү, бекитүү.
3. НКББПнын максаттарын, адистиктеги дисциплиналардын компетенцияларын аныктоо, окутуунун натыйжаларын карап чыгып, оңдоп түзүү.

Угулду: 060108-фармация адистигинин НКББПнын жетекчиси катышуучуларды жаңы окуу жылы менен куттуктап, күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды. Биринчи каралуучу маселе: ОшМУнун миссиясы: Жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо.
Катышуучулар миссияны талкуулап, бир добуштан сапаттуу, мааниси терең, эң туура кабыл алынган деп баалашты. Экинчи маселе каралып, НКББПнын курамы түзүлдү, бекитилди жана иш планды түзүү, бекитүү сунушталды.

Сөзгө чыкты: О. Коланов НКББПнын максаттарына токталып, ал максатка жетүүнүн аракети дисциплиналар компетенцияларын так аныктоодон турарын айтып өттү. Бул маселеде бардык окутуучулар кайсынын, өздөрү окуткан предметтер боюнча компетенцияларын аныктоосун сунуштады. Окутуунун натыйжасында максаттарга жетишет.

Жарыш сөзгө: Г. Жоробаева төмөнкүлөргө токтолду. Окутуунун натыйжаларын да карап чыгып, оңдоп түзөөлөрдү айтты. Компетенцияларды аныктоонун четүнөн иштеп, бир жуманын ичинде жыйынтык чыгарып, программага толуктоолорду киргизип, тактоону айтты.

Токтом кылынды:

1. ОшМУнун миссиясы окутуучулук-профессордук курамда кеңири талкууга коюлуп, кураторлук сааттарда окулсун.
2. НКББП курамы түзүлүп бекитилсин, иш планы бекитилсин.
3. НКББПнын максаттары, дисциплиналардын компетенциялары, окутуунун натыйжалары каралып, такталып, толукталсын.

Төрайым: [signature] Н. Карабаева
Катчы: [signature] А. Зулпукарова